**Кызыл-Кыя шаардык И.Абдрахманов атындагы №13 жалпы билим берүү орто мектебинин №1 педагогикалык кеңешмесинин протоколу**

30.08.22.

катышкандар-40

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2022-2023-окуу жылына карата иш-чараларды пландаштыруу
2. Сабактарды бөлүштүрүү
3. Ар түрдүү маселелер

Биринчи маселе боюнча мектептин директору Эрматов А.К. төмөнкүлөргө токтолуп кетти.

Угулду:

-Урматтуу мугалимдер, баарыңыздарды жаңы окуу жылы менен куттуктаймын, ишиңиздерге чыгармачылык ийгиликтерди каалайм. Өткөн окуу жылындагы иштер быйылкы жылы аткарыла турган иш - пландар менен тааныштырды. Билим берүү министринин атайын токтомунун негизинде 1-5-күндөрү 1-сабакты Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни менен баштаңыздар. Убактылуу класстык журналдарды ачып койгула. Ар бир класс 1-сентябрга даяр болуу керек. Доскаларды даярдагыла, мен өзүм көзөмөлдөйм. 1-сентябрь күнү салтанаттуу жыйын саат 9:00 дө башталат, мугалимдер эртерээк келип организаторго жардам бергиле, линейка өткөрүлө турган жерди даярдагыла Айзирек, Майрам, Рано, Айзирек, Наринса эжекелер жооптуусуңар. Музыка мугалими Айназик музыкага жооп бересиң, калонкаларды текшерип кой. Өткөндө шаардык билим берүү бөлүмүнөн келгенде кээ бир класстар даяр эмес болчу, ошондой көрүнүштөр болбосун. 1-класстын мугалимдери окуучуларды тактаңыздар. Класстарды даярдап, окуучулар ата-энелерди күтүп алууга даяр болуу керек.

Жарыш сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирек чыгып, төмөнкүлөрдү кошумчалады.

Угулду:

Мен да агайдын сөзүнө кошумчалап кетейин. 1- сентябрь күнгө 1-сабакта ар бир класска тарбиялык сабактарыңыздарга кол койдуруп, даярдап коюңуздар. Сабактарыңыздарды, календардык пландарды даярдаңыздар. Айзирек 1- сентябрь күнгө сценарийди даярдап, бир сыйра көрсөтүп кой. Ар бир класс окуучуларды кабыл алууга даяр болсун. Усулдук бирикмелер жылдык планыңыздарга PIZA боюнча иш алып барууну да кошуңуздар.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөнкүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2. 1.Билим берүү министринин токтомунун негизинде аптанын биринчи жана акыркы күндөрү 1-сабакта Кыргыз Республикасынын гимни ырдалсын.

2. 2022-2023-окуу жылы үчүн пландар өз убагында түзүлүп бекиттирилсин.

3. Аны көзөмөлдөө жагы окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирекке жүктөлсүн.

4. 1-сентябрь - Билим күнүнө арналган салтанаттуу аземди өткөрүү жоопкерчилиги организатор Маматисман кызы Айзирекке жүктөлсүн.

5. Билим күнүнө арналган тарбиялык сабактардын өтүлүшүн көзөмөлдөө жагы окуу бөлүмүнүн башчысына жүктөлсүн .

Экинчи маселе боюнча мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова А.М. сөз сүйлөдү.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, сиздерди сабактардын бөлүштүрүлүшү боюнча тааныштырып кетейин. Азыр бизде жалпысынан 38 мугалим эмгектенет. Алардын сабактары жана класс жетекчилик милдеттери төмөнкүдөй болду.

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Предмети | Классы | Сааты |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Абдымомунова Айнура | Башталгыч класс | 1-а класс | 24 саат |
| | Абдураимова Бумайрам | Музыка, соцпедагог | | 3 саат |
| 2. | Анвар кызы Сагынай | Англис тили | 5-в класс | 24 саат |
| | Бакулова Зияда | Химия, лаборатория | | 6 саат |
| 3. | Боркобаева Гулхан | Математика, геометрия | | 26 саат |
| 4. | Галдыбаева Кымбат | Дене тарбия | | 24 саат |
| 5. | Давляева Нуржамал | Орус тили жана адабияты | 6-б класс | 26 саат |
| 6. | Дербишова Мейрем | Башталгыч класс, Я и мир | 2-б класс | 20 саат |
| 7. | Джумабаева Айжан | Орус тили жана адабияты | 5-г класс | 18 саат |
| 8. | Жумаева Асылкан | Кыргыз тили жана адабияты | 6-а класс | 26 саат |
| 9. | Жыргалбек кызы Нуриза | Информатика | | 14 саат |
| 10. | Идрисова Миргүл | Башталгыч класс | 3-г,4-г кл. | 24 саат |
| 11. | Исманова Айнура | Башталгыч класс | 2-в, 3-б кл | 24 саат |
| 12. | Калыкова Жылдыз | Башталгыч класс | 4-б,4-д кл | 24 саат |
| 13. | Карабаева Раанагүл | Башталгыч класс,технология | 2-а класс | 27 саат |
| 14. | Келдибек кызы Эркеайым | Кыргыз тили жана адабияты | | 27 саат |
| 15. | Кыпчакова Аширкан | Кыргыз тили жана адабияты | 8-а класс | 27 саат |
| 16. | Көчөнова Гүлбарчын | Англис тили | 7-в класс | 26 саат |
| 17. | Маматисман кызы Айзирек | Кыргыз тили, организатор | 7-а класс | 9 саат |
| 18. | Муллоянова Зулфия | Башталгыч класс | 1-а класс | 24 саат |
| 19. | Мурзакулова Айзирек | Физика, завуч | | 9 саат |
| 20. | Мурзалиева Жамила | Башталгыч класс, Я и мир | 3-д класс | 18 саат |
| 21. | Мурзалиева Зарипа | Орус тили жана адабияты | 7-б класс | 19 саат |
| 22. | Нурали кызы Алиша | Башталгыч класс | 2-г класс | 16 саат |
| 23. | Нурдинова Динара | Орус тили жана адабияты,<br>башталгыч класс | 1-г класс | 8 саат<br>16 саат |
| 24. | Пазылов Арстанбек | Дене тарбия | | 20 саат |
| 25. | Пайзилдаева Зубайда | Китепканачы | | |
| 26. | Раззакова Зыба | Башталгыч класс | 4-а класс | 24 саат |
| 27. | Сайпидинова Уринса | Кыргыз тили | | 24 саат |
| 28. | Сейитбек кызы Гулзина | Англис тили | 8-б класс | 26 саат |
| 29. | Султанова Мээринса | Башталгыч класс | 3-а класс | 24 саат |
| 30. | Ташмурзаев Шарабидин | ЧИО, история, ийрим | | 20 саат |
| 31. | Токурова Наринса | Биология, география | 9- класс | 27 саат |
| 32. | Туманов Куштарали | Тарых, адам жана коом, дин | 5-а класс | 22 саат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | таануу | | |
| 33. | Орозбек кызы Нурила | Математика, геометрия | 5-б класс | 26 саат |
| 34. | Шишманова Назиле | Башталгыч класс, завуч | 3-в класс | 16 саат |
| 35 | Эргашова Мухлиса | Башталгыч класс | 3-б класс | 16 саат |
| 36. | Эшмамбетова Машхура | ИХТ, технология | | 26 саат |
| 37. | Эсенбек кызы Айназик | Музыка | | 22 саат |
| 38. | Янцен Валентина | Башталгыч класс | 1-в, 2-д кл | 24 саат |

Азырынча сабактар мына ушундай бөлүндү, алымча-кошумчасы болсо дагы карап чыгабыз.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөнкүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2. 1. 2022-2023-окуу жылына бөлүштүрүлгөн сабактар алымча-кошумчасы менен кабыл алынсын.

2. Сабактардын окутулушун, календардык жана күндөлүк пландарын көзөмөлдөө жагы окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирекке жүктөлсүн.

Үчүнчү маселе боюнча мектептин директору Эрматов А. К. сөз сүйлөдү.

Угулду :

Электрондук журнал боюнча азырынча тынч эле. Ар бир класстын класс жетекчиси классыңарга убактылуу журнал ачып койгула. Алгоритмди сактап, санитардык гигиенаны көзөмөлгө алгыла. Окуу жылынын башынан баштап 5-6-7-класстарды онлайн тесттерге ар бир предметтик мугалимдери даярдасын. Жыл башынан баштап кайсы окуучу кайсы предметке кызыгат, ошону байкап окуучуну тесттер менен даярдагыла. Piza боюнча онлайн тесттерди окуучуларга үйрөткүлө. Биздин окуучулар олимпиададан орундарга жетпей жатат. Предметке кызыккан окуучуну мугалим көзөмөлдөп, кошумча тапшырмаларды берип жекече иштөө керек. Мына ошондо гана жыйынтык болот. Келди-кетти окуучуларды тактагыла. Дагы санкитептерди сентябрдын бирине чейин бүтүргүлө.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

3. 1. Жыл башынан ар бир предметтик мугалимдер окуучуларды олимпиадага даярдасын.

2. Мектеп жамааты 1-сентябрга чейин санкитептер толтурулсун.

Мектеп директору Эрматов А. К

Катчы Жумаева А. Ж.